| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛАСТЫ**<br>**КАРА-СУУ РАЙОНУНУН**<br>**АЛА-ТОО**<br>**АЙЫЛ ӨКМӨТҮ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ГОСУДАРСТВЕННАЯ**<br>**АЛА-ТОО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери, айыл башчылары, билим берүү, маданият тармагынын жетекчилери менен коррупцияга каршы жыйынынын**

П Р О Т О К О Л У № 2

Кашкар-Кыштак айылы — 24-январь 2025-жыл

**Жыйынга катышкандар:**

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Кара-Суу районунун өкүлү Т.Темиралиев;
**Берикбаев Б.С.** - Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн башчысы, жыйындын төрагасы.

**Жыйынга чакырылгандар:**

Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлери, айыл башчылары, билим берүү, маданият тармагынын жетекчилери. Жалпы: 41 адам

**КҮН ТАРТИБИНДЕ:**

**1. Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын өзгөртүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги маселе боюнча жыйындын төрагасы, Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн башчысы Б.С.Берикбев жыйынды ачып, аталган мыйзам боюнча маалымат берүү үчүн Улуттук Коопсуздук Комитетинин Кара-Суу районунун өкүлү Т.Темиралиев сөз сүйлөп, ал өз сөзүндө Кыргыз Республикасынын Президенти Жапаров Садыр Нуркожоевич "Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзам актыларынын өзгөртүү жөнүндө" Мыйзамга кол койду. Мыйзам 2024-жылдын 25-декабрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынып, 2025-жылдын 1-январынан күчүнө кирди.

Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитети мамлекеттик мекемелерге коррупциялык көрүнүштөрдү жоюу боюнча Кыргыз Республикасынын жогорку саясий жетекчилигинин ички саясатынын багытын мындан ары ишке ашыруу алкагында "Коррупцияга каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзам долбоорун иштеп чыкты.

Тактап айтканда, жаңы кабыл алынган Мыйзам менен Кылмыш-Жаза Кодексине (мындан ары-КЖК) кийинки өзгөртүүлөр киргизилген.

- Аталган Кодектин 63-беренесин, 336-343 беренелеринде 344-беренесинин 2,3,4-бөлүктөрүндө, 345- беренесинин 2, 3-бөлүктөрүндө, 346-348-беренелеринде кралган мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан милдеттүү түрдө өмүр боюу ажыратууну белгилөөчү 2-1 бөлүгү менен толукталган;

- аталган Кодекстин 65-беренесинин 3, 4-бөлүктөрүндөгү 337-346-беренелеринде каралган мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштарды жасагандыгы үчүн белгиленген айып пул салуу талаптары жокко чыгарылган;

- 79-беренесин, 336-348-беренелериндеги (мамлекеттик жана муниципалдык кызматтын кызыкчылыктарына каршы коррупциялык жана башка кылмыштар үчүн) кылмыштар үчүн адам күнөөсүн мойнуна алуу жана материалдык зыяндын ордун толтуруу жөнүндө келишим түзгөн учурда сот адамды күнөөлүү деп тапкан беренеде каралган жазанын эң төмөнкү мөөнөтүнүн жарымынан кем эмес мөөнөткө эркинен ажыратуу жасалган, дайындоосун белгилөөчү 1-1 бөлүгү менен толукталган, аталган Кодекстин 336-348-беренелерине жогоруда көрсөтүлгөн толуктоолорго ылайык тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилген.

Мындан сырткары, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин эмгек мамилелерин жөнгө салуу жаатындагы мыйзам актыларына да өзгөртүүлөр киргизилүүдө, атай турган болсок:

- коррупциялык кылмыштарды жасагандыгы үчүн соттолгон адамдарды, алардын соттуулугу жоюлгандыгына же жоюлбагандыгына, же аларга карата козголгон коррупциялык кылмыштар боюнча кылмыш иши реабилитациялык эмес негизинде токтотулгандыгына карабастан, аларды кызматка алуудан баш тартуу;

- коррупциялык кылмыштарды жасагандыгы үчүн күнөөлү адамдын мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундары ээлөөгө милдеттүү түрдө жана өмүр боюу тыюу салуу;

Бул өзгөрүүлөр коррупцияга каршы күрөшүүнү, мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин ишмердүүлүгүн мамлекеттик көзөмөлдөөнү күчөтүүгө багыталат.

Ошондуктан, Кыргыз Республикасындагы коррупцияга каршы багытталган жаңы мыйзамды кабыл алуу, ички саясий багыттын иш-чараларын ишке ашыруудагы, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелердеги коррупциялык көрүнүшөрдү түп тамыры менен жок кылуу үчүн жасалган маанилүү кадам болуп саналат. Кабыл алынган КР КЖКдагы жана башка мыйзам актыларындагы өзгөртүүлөр, коррупциялык кылмыш жасаган кызмат адамдарга бир кыйла мажбурлоочу шарттарды түзөт, ошондой эле келечекте ушундай терс көрүнүштөгүиш-аракеттердиболтурбоо үчүн так механизмдерди камтыйт.

Белгилей кетүүчү жагдай, КР мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөрдүн негизги аспектилердин бири, коррупциялык кылмыштарга күнөөлүү деп табылган адамдарга белгилүү кызматтарды ээлөөгө өмүр боюн тыюу салынууну кыргызүү болуп саналат.бул бир гана кылмыш жасагандардын жоопкерчилигин жогорулатуу эле эмес, ошол эле учурда мамлекеттик кызматтагы жарандардын ортосундагы этикалык жана моралдык байланыштарды жогорулатуу болуп эсептелет.

Дагы бир негизги максаттардын бири-бул элдердин мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерге болгон ишенимин жогорулатуу болуп саналат, бул өз учурунда коомдун туруктуу өнүгүүсүнө шарттарды түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, КР мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөр, жасалган кылмыштар үчүн жазалоону, коррупциянын алдын алууга багытталган профилактикалык иш-чараларды камтыган, коррупцияга каршы күрөшүү боюнча комплекстүү иш-аракеттер болуп эсептелет. Бул иш-чаралардын ийгилиги, аларды натыйжалуу ишке ашырууга жана мамлекеттик мекемелер тарабынан көзөмөлдөнүүсүнө, ошондой эле мамлекеттик кызматкерлердин ишине байкоо жүргүзүү жана баалоо процессине, жарандык коомдун активдүү катышуусуна жараша болот. Биргелешкен аракет менен бул мыйзам өзүнүн жакшы жетишкендиктерине ээ болот деп сөзүн жыйынтыктады.

Андан кийин суроо-жооп иретинде жыйын уланып, бир сааттын ичинде жыйынтыкталды.

Жогорудагылардын негизинде Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн башчысы, жыйындын төрагасы

ЧЕЧИМ КЫЛАТ.

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Кара-Суу районунун өкүлүнүн баяндамасы Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн аймагындагы мекеме ишканалардын жетекчилерине жеткирилсин жана ар бир кызматкердин өздүк делосуна коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча эстетмеге тааныштырылып, кызматкерге кол коюлуп өздүк делосуна тиркелсин.
2. Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн аппарат кызматкерлеринин жана айыл башчыларынын өздүк делолоруна коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча эстетме тааныштырылып, тиркөө жагы Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн башкы адиси К.Орозбаевага тапшырылсын.
3. Аталган протоколду көзөмөлдөө жагы Ала-Тоо айыл өкмөтүнүн орун басары-жооптуу катчысы Т.Кармышак уулуна жүктөлсүн.

**Жыйындын төрагасы** **Б.С.Берикбаев**

Жыйындын катчысы Сабиржанов М.